УДК 81'42:34
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-167-171

Мамбетова З. К.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Мамбетова З. К.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Mambetova Z. K.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ЮРИДИКАЛЫК ДИСКУРСТУН СЕМАНТИКАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ
СЕМАНТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА ЮРИДИЧЕСКОГО ДИСКУРСА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКОЗНАНИИ
THE SEMANTIC STRUCTURE OF LEGAL DISCOURSE IN KYRGYZ LINGUISTICS

Кыскача мүнөздөмө: Макалада юридикалык лингвистика жана юридикалык дискурс маселелери Т. ван Дейктин социокогнитивдик дискурс теориясынын негизинде комплекстүү талдоого алынат. Юридикалык дискурс көп деңгээлдүү тилдик система катары каралып, анын семантикалык, прагматикалык, структуралык жана функционалдык өзгөчөлүктөрү изилденет. Изилдөөдө укуктук тексттерди талдоого, алардын мазмундук уюшулушуна жана тилдик нормаларына өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле расмий документтердин стилистикалык талаптары, мыйзам долбоорлорунун тилдик өзгөчөлүктөрү жана юридикалык терминологияны стандартташтыруу маселелери каралат. Макалада соттук риториканын аргументативдик стратегиялары, чечендик жана манипуляциялык ыкмалары талданып, юридикалык коммуникациядагы таасир берүү механизмдери ачылып берилет. Юридикалык котормонун тактыгы, эквиваленттүүлүгү жана функционалдык шайкештиги негизги критерийлер катары каралат. Лингвистикалык экспертизанын юридикалык дискурстагы орду жана анын укуктук жана коомдук коммуникациядагы ролу өзгөчө белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыгында юридикалык дискурс тилдик, когнитивдик жана социалдык факторлордун өз ара аракеттенүүсүн чагылдырган интеграциялык система катары мүнөздөлөт. Бул багыт укук менен тилдин өз ара байланышын терең түшүнүүгө жана укуктук тексттерди сапаттуу талдоого шарт түзөт.

Аннотация: В данной статье юридическая лингвистика и юридический дискурс рассматриваются на основе социокогнитивной теории дискурса Т. ван Дейка. Юридический дискурс анализируется как многоуровневая языковая система, включающая семантические, прагматические, структурные и функциональные характеристики. Особое внимание уделяется анализу правовых текстов, их содержательной организации и языковым нормам. Рассматриваются стилистические требования к официальным документам, особенности языка законопроектов и вопросы стандартизации юридической терминологии. В работе также исследуются аргументативные стратегии судебной риторики, включая риторические и манипулятивные методы воздействия в юридической коммуникации. Анализируются критерии точности, эквивалентности и функциональной адекватности юридического перевода. Значительное место занимает лингвистическая экспертиза, её роль в правовой и общественной коммуникации. В результате исследования юридический дискурс определяется как интегративная система, отражающая взаимодействие языковых, когнитивных и социальных факторов. Он обеспечивает комплексное понимание связи языка и права, а также способствует качественному анализу юридических текстов.

Abstract: This article examines legal linguistics and legal discourse based on Teun A. van Dijk's socio-cognitive theory of discourse. Legal discourse is analyzed as a multi-level linguistic system that incorporates semantic, pragmatic, structural, and functional dimensions. The study focuses on the analysis of legal texts, their content organization, and linguistic norms. Special attention is given to stylistic requirements of official

documents, the language of legislative drafting, and the standardization of legal terminology. The article also explores argumentative strategies in courtroom rhetoric, including rhetorical and manipulative techniques used in legal communication. Issues of accuracy, equivalence, and functional adequacy in legal translation are critically analyzed. Linguistic expertise is highlighted as an essential component of legal discourse analysis and its role in both legal and public communication. The findings suggest that legal discourse functions as an integrative system reflecting the interaction of linguistic, cognitive, and social factors. It provides a comprehensive framework for understanding the relationship between language and law and contributes to the effective analysis of legal texts.

Негизги сөздөр: юридикалык дискурс, юридикалык лингвистика, лингвистикалык экспертиза, соттук риторика, юридикалык котормо, семантика, укуктук текст.

Ключевые слова: юридический дискурс, юридическая лингвистика, лингвистическая экспертиза, судебная риторика, юридический перевод, семантика, правовой текст.

Keywords: legal discourse, legal linguistics, linguistic expertise, courtroom rhetoric, legal translation, semantics, legal text.

Азыркы учурда бул көйгөйгө Россиянын жана башка чет өлкөлөрдүн көптөгөн окумуштуулары өз эмгектерин арнап келишет. Алардын ичинен Теун ван Дейк (Т. ван Дейк) дискурстук анализдин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болуп саналат. Т. ван Дейктин пикири боюнча, дискурс — бул тилдик форма гана эмес, ой жүгүртүү (когниция) менен коомдук аң-сезимдин (социалдык контексттин) ортосундагы өз ара байланышты чагылдырган, идеологияны жана бийлик мамилелерин камтыган көп катмарлуу система [1]. Демек, дискурсту талдоодо тексттин лексика-семантикалык жана функционалдык жактарына гана көңүл бурбастан, анын мазмунунда камтылган когнитивдик жана социалдык факторлорду да изилдөө зарыл. Бул макалада «юридикалык лингвистика» түшүнүгүнүн мазмунун чечмелөөдөгү негизги объект катары юридикалык дискурс каралат.

Дискурс (фр. *discours* — кеп) — прагматикалык, социалдык, маданий, психологиялык жана башка экстралингвистикалык факторлордун жуурулушу аркылуу куралган текст, кептик структура. Ал турмуштук жагдайларды, адамдардын өз ара карым-катышын, алардын максаттуу социалдык, маданий, саясий иш-аракеттерин жана когнитивдик процесстерди чагылдырган, аларга таасир эткен кептик ишмердик болуп саналат. Бул термин кең мааниде «чыныгы турмуш кеби, учурдун сөзү» деп да мүнөздөлүп жүрөт [2, 137-б.].

Юридикалык дискурстун багыттарына көңүл бурсак, укук таануудагы тексттерди изилдөөдө мыйзамдарга, кодекстерге жана токтомдорго тиешелүү тексттерди талдоо маанилүү орунда турат. Бул багытта терминдердин тактыгына басым жасоо, бирдиктүү терминологияны колдонуу жана үлгү документтерди иштеп чыгуу зарыл (мисалы, «милдет», «укук», «жоопкерчилик» ж.б.). Ошондой эле тексттин логикалык түзүлүшүн талдоо, эки маанилүүлүктү (двусмысленность) жокко чыгаруу, расмий-иш кагаздар стилин стандартташтыруу, ашыкча сөздөрдү алып салуу, эмоционалдуулуктан оолак болуу, так, кыска жана түшүнүктүү сүйлөмдөрдү колдонуу сыяктуу маселелерге көңүл буруу зарыл. Анткени юридикалык тексттин туура жазылышы, туура түшүнүлүшү жана кабыл алынышы мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде маанилүү чечимдердин кабыл алынышына таасирин тийгизет (мисалы, мыйзамда «мүмкүн» же «милдеттүү» деген сөздөрдүн колдонулушу так аныкталат).

Бул багытта юридикалык жана тилдик жактан тууралыкты камсыз кылуу максатында төмөнкү талаптарга жана эрежелерге көңүл буруу зарыл деп эсептейбиз:

– мыйзам долбоорлорунун тилине коюлуучу талаптарга;

– келишимдерди түзүүнүн эрежелерине;

– буйрук, токтом, протокол сыяктуу расмий документтердин түзүлүшүнө;

– мамлекеттик жана жеке мекемелердеги документ жүгүртүүнүн тилине;

– юридикалык терминдерди стандартташтырууга [3].

Соттук риториканын алкагында каралчу ыкмаларды жана аргументтерди келтирүү, чечендик, манипуляциялык ыкмаларды изилдөө багыты да юридикалык дискурстун маанилүү багыты болуп саналат. Анда сот процессине тиешелүү сүйлөө стратегиялары жана далил келтирүү ыкмаларына адвокаттын аргументтери (коргоо же айыптоо), прокурордун далилдери, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн түшүндүрүү, логикалык негиздөө (эмне үчүн бул факт туура же туура эмес), мыйзам нормаларына таянып сүйлөө ж.б. кирет. Ар бир стратегияга тиешелүү фразалар болот (мисалы: “Бул адам күнөөлүү, анткени далилдер ушуну көрсөтөт”. “Бул факт күмөн жаратат, ошондуктан айыптоо негизсиз”).

Бул багытта юридикалык жана тилдик жактан тууралыкты камсыз кылуу максатында төмөнкү талаптарга жана эрежелерге көңүл буруу зарыл деп эсептейбиз:

– сөздү так жана таасирдүү айтуу;

– аудиторияны (судьяны, калыстарды) ынандыруу;

– логика менен эмоцияны туура айкалыштыруу;

– риторикалык суроолорду колдонуу;

– кайталоо жана басым жасоо ыкмаларын пайдалануу.

Демек, соттук дискурс — бул жөн гана сүйлөшүү эмес, ал далилдөө (аргумент), ишендирүү (чечендик) жана таасир этүү (манипуляция) системасы болуп саналат [4].

Юридикалык дискурс катары каралган мыйзамдардын жана укуктук ченемдердин мазмунуна түшүндүрмө берүү, тексттин маани-маңызын чечмелөөгө мүмкүндүк берген тилдик мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тилден тышкаркы критерийлерди изилдөө тил илиминде когнитивдик лингвистиканын багытында каралат. Буга мыйзамдын текстин талдоо, ар бир берененин маанисин ачуу, юридикалык түшүндүрмө берүү (комментарий, интерпретация) кирет.

Юридикалык котормо, анын тактыгын, эквиваленттүүлүгүн жана шайкештигин аныктоонун критерийлери да маанилүү орунда турат. Котормо дискурсу мыйзамдарды, келишимдерди, соттук документтерди жана башка укуктук тексттерди бир тилден экинчи тилге так, юридикалык маанисин жоготпой которуу процесси болуп саналат.

Түпнуска текст менен котормонун мааниси жана укуктук күчү бирдей болушу зарыл.

Бул багытта юридикалык жана тилдик жактан тууралыкты камсыз кылуу максатында төмөнкү талаптарга жана эрежелерге көңүл буруу зарыл деп эсептейбиз:

– юридикалык терминдердин тең маанилүүлүгү;

– укуктук норманын бирдей түшүндүрүлүшү;

– функционалдык шайкештик (эки текст тең бирдей таасир берет).

Юридикалык дискурстун багыттарынын арасында лингвистикалык экспертиза өзгөчө орунда турат. Анткени юридикалык дискурстун багыттары тил илиминин ар кандай бөлүмдөрүнүн предметтик чөйрөсүнө кирерин байкоого болот. Мисалы, жогоруда келтирилген багыттар стилистикага, риторикага, когнитивдик лингвистикага, терминологияга жана котормо ишине түздөн-түз байланыштуу. Ал эми лингвистикалык экспертиза тил илиминин бардык бөлүмдөрүнөн алынган билимди интеграциялоону жана ошого жараша ар кандай изилдөө методдорун колдонууну талап кылат [5].

Эксперттик изилдөөнүн предмети анын максатына жана милдеттерине жараша ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Изилдөөнүн предмети катары юридикалык дискурс гана эмес, дискурстун башка түрлөрү да кызмат кыла алат. Дискурстун тибине жараша тилдик кастык (араздашуу) же интолеранттык дискурс аркылуу конфликттик кырдаал же конфликттик текст пайда болушу мүмкүн. Мындай тексттер жана кептик актылар лингвистикалык изилдөөнүн же лингвистикалык экспертизанын объектиси болуп саналат.

Лингвистикалык экспертизанын негизинде чыгарылган корутунду коомдук жана укуктук чөйрөдө маанилүү орунда турат. Мисалы, ал ЖМКларда жана социалдык тармактарда жарыяланган маалыматтардын мазмунун баалоодо колдонулат. Ошондой эле коомдук пикирге таасир эткен билдирүүлөрдү, дискурстарды жана үгүттөөчү маалыматтарды изилдөөдө пайдаланылат. Формалдуу эмес жана расмий коммуникациялардагы ксенофобиялык, улутчул, экстремисттик жана

дискриминациялык билдирүүлөрдү аныктоодо да колдонулат. Демек, лингвистикалык экспертиза коомдун тилдик маданиятын жөнгө салууга жана укуктук чөйрөдө адилеттүүлүктү камсыздоого чоң салым кошот.

Эксперттик тажрыйбадан алынган материалдан мисал келтирсек, изилдөөгө берилген материал талашка жана соттук териштирүүгө негиз болгон, ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык органдарга жазылган арыз болуп саналат. Изилдөөгө берилген текст жалпы аудиторияга багытталбастан, арыз түрүндө берилгендиктен, анын коммуникативдик багыты жана максаты кимдир бирөөнү атайылап жамандоо эмес, кандайдыр бир көйгөйдү чечүү болуп саналат. Арыз жазуунун максаты — кимдир бирөөнүн ишкердик кызыкчылыктарына байланыштуу аракеттеринин натыйжасында бир айылдын тургундары зыянга учурап, жабыр тартканын тиешелүү органдарга маалымдоо жана алардын колдоосуна ээ болуу. Арыздын авторлору бул тууралуу ачык айтышат (мындан ары лингвистикалык экспертиза жүргүзүү үчүн берилген фактылык материалдардын орфографиясы, стилистикасы жана пунктуациясы өзгөртүүсүз берилет): «...тургундарга терс таасирин тийгизип, мыйзамсыз жерлерди ээлеп, сугат жерлерге мыйзамсыз үйлөрдү куруп азыркы учурда 70 гектар жерге ээлик кылат», «Биз айтып жаткан ар бир жерди биз толук кандуу билебиз жана сүрөттөрүн тиркейбиз далил катары» жана жардам сурашат: «анын мыйзамсыз иштерин текшерип, мыйзам жерлерин курулуштарын өкмөткө өткөрүп, өзүнө мыйзам чегинде чара көрүп жумуштан бошотуп берүүңүздөрдү суранабыз. Болбосо, биз да жогорку жактарга кайрылууга мажбурбуз».

Берилген материал жалпы аудиторияга, коомчулукка багытталган эмес. Маалыматтын коммуникативдик багыты Аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеген конкреттүү адамдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу. Кайрылуунун мазмунунда жогоруда көрсөтүлгөн шаардын тургундарынын конкреттүү адамдын ишмердүүлүгүнө нааразычылыгы жана ага карата чара көрүү максаты чагылдырылган.

Жоопкерлер тарабынан конкреттүү адамга таандык деп эсептелген тексттеги маалыматтар («мыйзамсыз жерлерди ээлеп, сугат жерлерге мыйзамсыз үйлөрдү куруп азыркы учурда 70 гектар жерге ээлик кылат», «Аксакалдар сотунун төрагасымын деп, элди коркутуп-үркүтүп, басмырлап, ар жакка арыз жазып, элдердин жерин мыйзамсыз тартып алып жүрүп, 70 гектар жерди тартып алып, өзүнө караштуу туугандарына каттатып коюп, бирок баарын өзү иштетет, аны текшерген эч ким жок», «N бирөөлөрдүн Кызыл китеби бар жерлерди да талашып элге тынчтык бербей келе жатат», «Мыйзамсыз басып алган жерлерине уруксатсыз, мыйзамсыз курулуштарды куруп алган» ж.б.) алар үчүн маанилүү болгон көйгөйлөрдү сыпаттоо, алардын себептерин түшүндүрүү жана актуалдаштыруу максатында берилген.

Жыйынтыктап айтканда, бул маалымат коомчулукка багытталган эмес. Авторлор тиешелүү органдарга кайрылып, айыл тургундарына байланыштуу маселелерди чечип берүү өтүнүчүн билдиришкенин эске алуу зарыл. Тексттин жалпы коммуникативдик максаты — чындыкты аныктоо, акыйкаттыкка жана адилеттүүлүккө жетишүү, аймактагы маселелерди чечүү. Авторлордун максаты — кимдир бирөөнү жалпы коомчулукка жаманатты кылуу, кемсинтүү, мазактоо же зыян келтирүү эмес, тиешелүү бийлик органдарына кайрылуу аркылуу өздөрүнүн көйгөйлөрүн (жердин жетишсиздиги, суу каналынын иштебеши ж.б.) чечүү.

Ар-намысты жана кадыр-барктыбасынтуучу лингвистикалык белгилерди аныктоодо изилдөөгө алынган текстте коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерине карама-каршы келген адепсиз, орой, уят сөздөрдүн жана фразеологиялык бирдиктердин камтылышы эске алынат. Коомдук мазактоонун жана шылдыңдоонун негизги белгилерине адресаттын кадыр-баркын түшүрүүгө багытталган, конкреттүү адамга карата айтылган адепсиз мүнөздөгү сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын болушу кирет. Ал эми изилдөөгө берилген текстте арыз ээлери конкреттүү адамдын жеке сапаттарына терс мүнөздөмө бербестен, көйгөйлөрдү анын ишмердүүлүгү менен байланыштырышат.

Талаш тексттин мазмундук жагын изилдөөдө лингвист тексттин, сүйлөмдүн, айтымдын жана сөздүн семантикалык негизине, башкача айтканда, тилдик бирдикке концептуалдык анализ жүргүзүүгө

көңүл бурат. Лингвистикада семантикалык анализ жүргүзүүнүн ар кандай ыкмалары колдонулат. Алардын бири — сөздүн же айтымдын мазмундук багытына компоненттик анализ жүргүзүү. Мындай талдоо изилдөөгө алынган тилдик бирдиктин семантикасындагы маанилик элементтерди аныктоого өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, юридикалык лингвистика тил илиминин мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга, ошондой эле коомчулукка пайда келтирүүгө өбөлгө түзөт. Россиялык окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен юридикалык лингвистиканын максаты жана милдеттери бир катар багыттар аркылуу аныкталары изилдөөнүн негизинде белгилүү болду. Юридикалык лингвистиканын объектиси катары тил менен мыйзамдын өз ара байланышы каралат. Ал эми анын предметтик чөйрөсүнө мамлекеттик тилдин жана мыйзам тилинин маселелери кирет. Демек, «юридикалык лингвистиканын предмети тилдин мыйзамда жана юридикалык илимде колдонулушун изилдөө болуп саналат. Юридикалык лингвистиканын объектиси — коомдун укуктук турмушунун ар түрдүү көрүнүштөрүн изилдөөдө тилди колдонуу өзгөчөлүгү» [6, 68–72-б.].

«Юридикалык лингвистика» терминине аныктама берүүдө башка өлкөлөрдөгү изилдөөлөргө таянсак, ал «кесиптик юридикалык ишмердүүлүктүн ар кандай багыттарын жана тармактарын тилдик багытта (мыйзам чыгаруу, сүйлөө маданияты, адвокаттардын жана сот кызматкерлеринин чечендиги, текстке соттук экспертиза жүргүзүү) изилдей турган илимий дисциплина» катары аныкталат [7, 376–382-б.].

Юридикалык лингвистиканын багыттарынын бири болгон лингвистикалык экспертиза негизги предметтик чөйрө катары изилдөөгө алынат. Лингвистикалык экспертиза боюнча тил илиминде атайын бөлүм жок. Бирок лингвистикалык экспертиза тил илиминин бардык бөлүмдөрүнөн алынган билимди интеграциялоону жана ошого жараша ар кандай изилдөө методдорун колдонууну талап кылган багыт болуп саналат. Лингвистикалык экспертиза башка өлкөлөрдө бир кыйла жолго салынып, белгилүү тарыхы бар илимий-практикалык багыт болсо, Кыргыз Республикасында соттук лингвистикалык экспертиза тил илиминде гана эмес, эксперттик ишмердүүлүктө да салыштырмалуу жаңы багыт болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Van Dijk, T. A. Discourse and Knowledge: A Sociocognitive Approach / T. A. van Dijk. – Cambridge: Cambridge University Press, 2014.
2. Лингвистический энциклопедический словарь / гл. ред. В. Н. Ярцева. – М.: Советская энциклопедия, 1990. – 658 с.
3. Палашевская, И. В. Функции юридического дискурса и действия его участников / И. В. Палашевская // Известия Самарского научного центра Российской академии наук. – 2010. – Т. 12, № 5-2. – С. 535–540.
4. Швец, С. В. Судебное языкознание / С. В. Швец // Российский криминалистический взгляд. – 2008. – № 4 (21). – С. 19–25.
5. Костенко, М. А. Правовая лингвистика в законотворческом процессе / М. А. Костенко // Известия Таганрогского государственного радиотехнического университета. – 2005. – № 9 (53). – С. 127.
6. Хижняк, С. П. Объект и предмет юридической лингвистики / С. П. Хижняк // Актуальные проблемы теоретической и прикладной лингвистики: сб. ст. Всерос. науч.-практ. конф. / под ред. С. С. Пашковской, Т. А. Румянцевой, Г. В. Вишневской. – Пенза, 2014. – С. 68–72.
7. Мораш, М. М. Введение в юридическую лингвистику / М. М. Мораш // Ученые записки Казанского филиала Российского государственного университета правосудия. – 2018. – Т. 14. – С. 376–382.

Рецензент: кандидат филологических наук Семенова Ж.